# АУКЦИОНГО ТАБЕРИК МОНЕТАЛАР ЖАНА АЛТЫН КУЙМАЛАР КОЮЛДУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында жыл сайын өтүүчү баалуу коллекциялык монеталар менен уникалдуу номурлуу алтын куймаларын сатуу боюнча аукцион болуп өттү.**

Аукционго 10 лотто 1995-жылдан 2007-жылга чейин чыгарылган жана Улуттук банктын кассаларында сатылбаган 10 нумизматикалык монеталар коюлган. Алардын ичинен 1 алтын жана 9 күмүш: "Ош-3000", "Манас эпосуна – 1000 жыл", "Хан-Теңири", "Аркар", «Эдельвейс». "Улуттук валютага 10 жыл", "Кызматташуунун Шанхай уюму", "Ташрабат", "Өзгөн архитектуралык комплекси", "Улуу Жеңишке – 60 жыл". Ошондой эле ушул жылы аукциондо коллекциялык монеталар менен бирге эле 6 лотто 1 граммдан 100 граммга



чейинки уникалдуу номурлуу өлчөнгөн алтын куймалары дагы коюлду.

Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгынын башчысы Шамиль Айдаркуловдун айтымында, Улуттук банктын продукцияларына болгон жарандардын суроо-талабы жылдан-жылга өсүүдө. " Мисалы, апрель айынын ортосунда жүгүртүүгө берилген "Улуу Жеңишке – 70 жыл " күмүш монетасы май айынын башында эле сатылып кетти. Азыркы учурда биз алтын куймаларына дагы өзгөчө кызыгуу жаралып жатканын байкап жатабыз", - деп белгиледи ал.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кассалык операциялар бөлүмүнүн башкы экономисти Салтанат Аубакированын айтуусу боюнча, аукционго 20га жакын адам катышты. "Аукционго коюлган алгачкы баасы 70 000 сомду түзгөн монеталар жалпы суммасы 133 500 сомго сатылды. Ал



эми аукционго коюлган 6 лоттун ичинен экөө гана сатылды. Жыйынтыгында алтын куймалары жалпы суммасы 11 622 сомго сатылды", - деп белгиледи ал.

Аукциондо "Ош-3000" алтын монетасынын алгачкы баасы 25 000 сом менен башталып, 43 000 сомго сатылды. Ошондой эле " Эдельвейс", "Хан-Теңири", "Манас эпосуна – 1000 жыл" жана "Улуу Жеңишке – 60 жыл" күмүш монеталары дагы нумизматтар арасында өзгөчө кызыгууну жаратты. Алардын алгачкы баасы 5 000 сомдон башталып, 14 000, 12 000 жана 10 000 сомго сатылды.

Жалпысынан 1995-жылдан тартып Улуттук банк тарабынан 51 коллекциялык монеталар чыгарылып, анын ичинен 10 жез-никель, бирөө мельхиор, үчөө алтын жана 37 күмүш. Акыркысы 2015-жылдын 15-апрелинде " Тарыхый окуялар" сериясынан " Улуу Жеңишке – 70 жыл " коллекциялык күмүш монетасы жүгүртүүгө берилген. Жакын арада Улуттук банк "Кыргызстандын кызыл китеби " сериясынан "Дрофа" коллекциялык монетасын жүгүртүүгө берет.

**Абдимухтар АБИЛОВ**